УДК 81’23:82
DOI: 10.36979/1694-500X-2024-24-6-45-52

# ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ И ЛИНГВИСТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ РАЗВИТИЯ ВЕРБАЛЬНОГО ОБЩЕНИЯ ПРИ ИЗУЧЕНИИ ЛИТЕРАТУРЫ

***К.А. Абдиева***

*Аннотация*. Психолингвистика – динамично развивающаяся сфера, приобретающая в последнее время всё более существенное значение. В работе анализируются труды отечественных и зарубежных учёных в области психолингвистики. Освещаются некоторые актуальные проблемы психолингвистических исследований в области развития речи учащихся. В статье значительное внимание уделено вопросам речевой коммуникации и речевой деятельности учащихся. Показано, что в вопросах развития речи учащихся важное место занимают типы речи: повествование, описание, рассуждение. Вместе с тем в работе проводится анализ этих типов речи как одного из основных понятий в проблеме развития речи. Проанализированы вопросы, связанные с такими процессами, как мысль, речь, язык.

*Ключевые слова:* психолингвистика; речевая коммуникация; речевая деятельность; типы речи; внутренняя речь; диалогическая речь; монологическая речь; речевое творчество; учащийся.

# АДАБИЯТТЫ ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН ООЗЕКИ БАЙЛАНЫШТУУ КЕБИН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПСИХОЛОГИЯЛЫК ЖАНА ЛИНГВИСТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

***К.А. Абдиева***

*Аннотация*. Психолингвистика акыркы мезгилде олуттуу мааниге ээ болуп, тез өнүгүп бара жаткан динамикалуу тармак. Эмгекте психолингвистика жаатындагы ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын илимий эмгектери каралат. Окуучулардын кебин өнүктүрүү жаатында психологиялык-лингвистикалык изилдөөлөрдүн айрым актуалдуу проблемалары белгиленет. Макалада окуучулардын оозеки кебинин өнүгүү этаптарына изилдөөчүлөрдүн берген илимий талдоолорун жалпылоого негизги көңүл бурулат. Кепти өнүктүрүү маселесинде кептин баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү сыяктуу түрлөрү негизги орунду ээлей тургандыгы белгиленген. Ой жүгүртүү менен кеп өстүрүү процесстеринин тыгыз байланышы илимий булактарга таянып кеңири каралган.

*Түйүндүү сөздөр:* психолингвистика; кеп коммуникациясы; кеп ишмердиги; кептин түрлөрү; ички кеп; диалогдук кеп; монологдук кеп; кеп чыгармачылыгы; окуучу.

# PSYCHOLOGICAL AND LINGUISTIC FOUNDATIONS OF THE DEVELOPMENT OF VERBAL COMMUNICATION IN THE STUDY OF LITERATURE

***K.A. Abdieva***

*Abstract*. Psycholinguistics is a dynamically developing field, which has recently become increasingly important. The work analyzes the works of domestic and foreign scientists in the field of psycholinguistics. Some topical issues of psycholinguistic research in the field of student speech development are highlighted. The article pays considerable attention to the issues of speech communication and speech activity of students. It is shown that in matters of speech development of students, the types of speech occupy an important place: narration, description, reasoning. At the same time, the paper analyzes these types of speech as one of the main concepts in the problem of speech development. The issues related to such processes as thought, speech, and language are analyzed.

*Keywords:* psycholinguistics; speech communication; speech activity; types of speech; internal speech; dialogic speech; monologue speech; speech creativity; learner.

Адабиятты окутуунун учурдагы эң негизги милдеттеринин бири – “кептик инсанды, өз оюн жана максатын аудиторияга мазмундуу, так жана таасирдүү формада жеткире билүү экендиги белгилүү”[1]. “Ошондуктан кеп аркылуу маңыздуу сүйлөй билүү, социумда башка индивид менен маектешүү, таасир берүү маселеси бардык мезгилдерде ар түрдүү багыттагы изилдөөчүлөрдүн көңүлүнүн борборунда болуп келген” [2; 3]. Коомдук ой-пикирге түздөн-түз таасир берген так, көркөм жана таамай айтылган сөзгө байыркы Грециянын улуу ойчулу Аристотель чоң маани берген. Чечендердин кебинин түзүлүшүн, тилин талдап келип, ал мындай деп белгилеген: “Эгерде кеп түшүнүктүү болбосо, ал өз максатына жете албайт”[4].

Тил илиминин ар тараптуу жана тереңдеп өнүгүшүнө атактуу немец окумуштуусу Вильгельм Гумбольдттун көз караштары зор таасирин тийгизген. Ал тилдин объективдүүлүгүн жана социалдык мүнөзүн белгилеп келип, анын туруктуулугу жана системалуулугу сыяктуу маанилүү жактарын ачып берген. В. Гумбольдт алгачкы ирет тилдин функционалдык көп түрдүүлүгүн *(сүйлөшүү, көркөм, чечендик, илимий-логикалык)* бөлүп көрсөткөн. Окумуштуунун тилдин системалуулугу жөнүндөгү окуусу андан ары К. Беккер жана Ф. Соссюр, кийин А.А. Потебня жана Л.В. Щерба тарабынан терең иштелип чыккан.

Тилдин ар түрдүү аспектилерин изилдеген психолингвисттер (*Л.С. Выготский, С.Л. Рубинштейн, П.П. Блонский, Л.П. Якубинский, М.М. Бахтин, Н.И. Жинкин, А.А. Леонтьев, А.М. Шахнарович, И.А. Зимняя* ж. б) тил, кеп, кеп ишмердүүлүгү сыяктуу негизги илимий түшүнүктөрдү өз ара ажыратып, такташкан. Бул изилдөөчүлөрдүн көз карашы боюнча, тил – белгилүү бир социлдык чөйрөдө кабыл алынган белгилердин тутуму болсо, кеп – кандайдыр бир формага *(оозеки жана жазуу)* салынып, белгилүү бир убакыттын аралыгында болуп өтүүчү сүйлөө процесси катары каралган. Мында кеп түшүнүгү сүйлөө процесси *(кеп ишмердүүлүгү)* жана анын жыйынтыгы *(кеп чыгармачылыгы)* деп да түшүндүрүлгөн. Тил илиминин акыркы изилдөөлөрүнө таянсак, тил менен кеп түшүнүгүнүн карама-каршылыктардын биримдиги катары берилип, кеп тил *(белгилер)* аркылуу ишке ашырылган көрүнүш катары өзүнүн коммуникативдик кызматын аткара тургандыгы белгиленген.

М.М. Бахтиндин ою боюнча, кеп “дайыма белгилүү бир кептик субъектиге таандык болгон сөздөрдүн калыбына салынган болот жана мындай калыптардан сырткары анын болушу да мүмкүн эмес” [5]. Мындай калыпка салынган ойлор белгилүү бир жанрдык формаларда андан ары өнүктүрүлөт. Кептик ишмердүүлүктү академик Л.В. Щерба “сүйлөө жана түшүнүү актыларынын биримдиги катары көрсөткөн” [6]. Белгилүү психолингвист А.А. Леонтьев тилдик жөндөмдүүлүктү тилдин системасынын сүйлөөчүнүн аң-сезиминде чагылышы деп көрсөткөн. Жалпысынан психологдор кеп ишмердүүлүгүнүн компоненттеринин өз ара аракеттенишин төмөнкүдөй багытта беришкен: кептик аракет баарлашууга болгон талаптан улам пайда болгон сүйлөө мотивинен башталат. Мындай аракет дайыма кандайдыр бир максатты ишке ашырууну көздөйт: сүйлөөчү угуучуга жана баарлашып жаткан адамга дайыма таасир берүүгө аракеттенет. Сүйлөөчү өз сөзүн түзүүдө белгилүү бир жыйынтыкка – угуучунун ар кандай реакциясына жетишүүгө умтулат. Мындай жандуу кепти түшүнүү активдүү кайра кайтарымдуу мүнөзгө ээ болот. Кеп аракети бир нече өз алдынча иш-аракеттердин топтомунан түзүлөт: *сөздү тандоо, сөз айкаштарынын ортосундагы байланыштардын ыкмаларын түзүү, сүйлөмдү жана алардын тексттеги байланышуу жолдорун, кеңири айтып берүүнүн планын аныктоо.* Мындай татаал аркеттердин тутуму белгилүү деңгээлдеги кептик билгичтиктерди жана көндүмдөрдү, аларды камсыздандыруучу тилдик каражаттарды талап кылат.

Демек, сүйлөө жана түшүнүү тилдин системасын, башкача айтканда, бул тил аркылуу чындыктагы кубулуштардын жана мамилелердин көп түрдүүлүгүнүн берилиш каражаттарына жана ыкмаларына ээ болуу дегенди билдирет. Мында тилдик жана кептик кубулуштарды аңдап-түшүнүү чоң мааниге ээ болот.

Психологдор *(Л.С. Выготский, А.Н. Леонтьев, А.Р. Лурия, Л.И. Божович, П.Я. Гальперин)* белгилегендей, ой жүгүртүүнүн

жана тилдин калыптануусу баланын практикалык ишмердүүлүгү менен удаалаш жүрөт. Тил адамдардын пикир алмашуусунун куралы катары интеллектуалдык ишмердүүлүктүн өзгөчө түрүн түзөт. Кеп менен ой жүгүртүүнүн карым-катнаш маселеси дайыма окумуштуу-психологдордун көңүлүнүн борборунда болуп келген. Эң негизгиси Л.С. Выготскийдин көз карашы боюнча, «ойдун сөзгө карата катышы» болуп, баланын өзүмчүл *(эгоцентричный)* жана жетиле элек ой жүгүртүүсүн көрсөткөн кебинин негизинде андан аркы инсандык өнүгүүсүнүн фундаментин түзгөн ички кеби калыптана тургандыгын далилдеген. Түшүнүктөрдүн калыптануу маселесине талдап келип, Л.С. Выготский баланын окшоштуруу жана элестетүү тажрыйбасынын топтолушу менен эле түшүнүктөр пайда боло калбайт, анткени "сөзү жок түшүнүк да жок, түшүнүктөгү ой жүгүртүү кептик ой жүгүртүүсүз мүмкүн эместигин белгилеген" [7].

Баланын ой жүгүртүүсү менен кебинин тыгыз байланышын жана өз ара аракетинин зор маанисин А.В. Запорожец да баса көрсөткөн. Мектепке чейинки кенже балдардын кебинен мисалдарды талдап келип, "ой жүгүртүү менен байланышпаган маанисиз сөз же кеп куру добушка айланып, сөз болуудан калат. Ой жүгүртүү менен кеп тыгыз байланыштуу биримдикте болушат, мындай байланышты эске албасак, биз ой жүгүртүүнү да, кепти да туура түшүнө албайбыз деген" [8].

Азыркы учурдагы психологиянын мүмкүнчүлүктөрүнө таянсак, кепти айтуу менен аны аңдап түшүнүүнүн ортосундагы бир топ айырмаланган процесстерди ажырата алабыз. Изилдөөчү Ф.А. Сохин "кенже балдардын эне тилди өздөштүрүү процессинин бир нече багыттарын аныктаган" [9]. Сөздүк-логикалык ой жүгүртүү эне тилди үйрөнүүнүн алгачкы эле этабында пайда боло калбайт. Кенже балдардын ой жүгүртүүсүнүн баштапкы формасы – *көрсөтмөлүү – кыймылдуу, көрсөтмөлүү – элестүү* калыптарында болот. Андан кийин гана алар ой жүгүртүү ишмердүүлүгүнүн негизги формасы болгон сөздүк-логикалык форма менен өз ара аракеттенишип, орун алмашат. Мында тилдин лексикалык, грамматикалык каражаттарын өздөштүрүү менен тилдин интеллектуалдык функциясы өнүгөт. Баланын ой жүгүртүү формаларынын өз ара карым-катнашында логикалык ой жүгүртүү окуучунун таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн жалпы багытын жана сапатын аныктайт. "Кеп жана кеп ишмердүүлүгү, – деп жазат Н.Н. Поддьяков, – сөздөрдүн маанисинин тез жана тынымсыз өнүгүшүнө байланыштуу кыймылдуу жана ийилчээк системага айланып, сөз каражаттарынын чектелүү өлчөмү аркылуу айлана-чөйрөнүн чексиз көп түрдүүлүгүн чагылдыруучу уникалдуу мүмкүнчүлүктү түзүп берет" [10].

Ошону менен бирге, көпчүлүк изилдөөчүлөр баланын тилдик жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшүнүн негизи катары тилдик кубулуштарды аңдап-сезүүнүн да чоң мааниге боло тургандыгын белгилешет. Мындай жалаң гана эстутумга эмес интуицияга, сезим туюмдарына таянуу менен жүргүзүлгөн кеп ишмердүүлүгү тилдин жаңы бирдиктерин чыгармачылык менен айкалыштырып баланын тилди сезүүсүн калыптандыра тургандыгы аныкталган. Психологдор бул көрүнүштү "тилдик сезимталдык" деп аташкан *(языковым чутьём) (Л.И. Божович, Д.Н. Богоявленский, С.Ф. Жуйков, Л.И. Айдарова).*

Д.П. Эльконин "тилдин тыбыштык жагы баланын ишмердүүлүгүнүн жана иш жүзүндө таанып-билүү предметине айлануусу абдан эле эрте башталат деп белгилеген" [11]. Бирок окумуштуу баланын тилге карата мындай айрыкча сезимдүүлүгү тилди өздөштүрүүнүн чыныгы шартына ылайык түшүндүрүлүшү зарыл деп эсептеген.

Демек, баланын эне тилин өздөштүрүүсү – кептик көндүмдөрдүн иш жүзүндө калыптануусу, коммуникативдик формалардын жана тилдик иш-аракеттердин сапаттык жаңы деңгээлге жогорулашы менен бирге тилдик сезимталдыкты өнүктүрүүнү да камтыйт. Кепти өнүктүрүү сөзсүз түрдө инсандык калыптануунун ар түрдүү аспектилерин ачып берген, өнүктүрүп окутуунун маанисине басым койгон, баланын түрдүү курагындагы психикалык өзгөчөлүктөрүнүн, жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктаган, ар бир баланын кайталангыс жана жекече өзгөчөлүктөрүнө таянып мамиле түзүүнү көздөгөн психологиялык изилдөөлөрдүн негизинде гана жүргүзүлөт.

Биз жогоруда кеп ишмердүүлүгүнүн аң-сезим менен тыгыз байланышын талдаган психолингвистик эмгектерге токтолдук. Изилдөөнүн максатына ылайык, биз баланын байланыштуу кеби деген эмне, ал тышкы чөйрө менен кандай формада, багытта аракеттенет жана өнүгөт деген суроолорго жооп берүүгө аракет жасайбыз.

Байланыштуу кеп, С.Л. Рубинштейндин аныктамасы боюнча, "сүйлөөчүнүн оюн жана каалоосун билдирген бардыгы кеп болуп эсептелет. Баланын кеби калыптана баштаган учурда ал өзүн курчап турган жакынкы конкреттүү чөйрөдөн чыга албайт жана кептин мааниси ошол шарт менен байланыштуу гана түшүндүрөт. Ошону менен бирге мындай ситуациялык кеп белгилүү бир жакка багытталып, кандайдыр бир өтүнүчтү, суроону, талапты билдирет. Угуучуга баланын кеби эгерде ал ошол конкреттүү чөйрө менен тааныш болгон учурда гана түшүнүктүү боло алат" [12]. Акырындап *ситуациялык кеп контекстүү, башкача айтканда, баарлашуунун максатына ылайык байланыштуу кеп түзө билүүгө өтөт.* Мындай жөндөм, албетте, жаңы кептик каражаттарды, сүйлөм түзүүнүн жаңы формаларын өздөштүрүү талабын пайда кылат.

Контексттик кепти бала окутуу процессинде өздөштүрөт. Баланын кеби ситуациядан жана контексттен сырткары боло баштаганда гана ал кептик билгичтиктердин минимумуна ээ болду деп айта алабыз. Мындан аркы баланын кебинин өнүгүшү бир нече багытта өнүгүшү мүмкүн. А.Н. Леонтьев белгилегендей, андан ары баланын өз кебин аңдап-түшүнүүсү же кебинин эркиндиги калыптанат. Мындай эркиндик "баланын өз кебин эрктик актылар аркылуу ишке ашыра тургандыгынан көрүнөт" [13]. Акырындап баланы сабаттуулукка үйрөтүү, андан кийин эне тилинин грамматикасын өздөштүрүү процессинде кепти тыбыштык жактан талдоо жана кептик каражаттарды аң сезимдүү тандоо көндүмдөрү калыптанат.

Кептик көндүмдөрдүн татаалданышынын башка бир жолу – *диалогдук кептен монологдук кептин түрдүү формаларына өтүү болуп саналат.* Анткени диалогдук кеп көпчүлүк учурда шартка жана контекстке байланыштуу келип эрксиз, тез өтүүчү, алдын-ала уюштурулбаган мүнөзгө ээ болот. Мында сөздөрдүн калыпка салынган көнүмүш формалары жана сөз айкаштары уюштуруучу мааниге ээ болушат.

Монологдук кеп – бул жогорку деңгээлдеги эрктик мүнөзгө ээ болгон кеп. Сүйлөөчү белгилүү бир мазмундагы кепти берүү максатын көздөп, ылайыктуу тилдик форманын негизинде сүйлөйт. Ал уюштурулган кептин түрү болуп саналат. Сүйлөп жаткан адам айрым сөздөрдүн гана эмес, бүтүндөй сүйлөмдүн жана монологдун (тексттин) программасын түзүп чыгуусу керек.

Демек, диалогдук кеп окумуштуулар тарабынан пикирлешүүнүн табигый жана баштапкы формасы катары каралып, ага *суроо – жооп, кошумчалоо, түшүндүрүү, каршы чыгуу, кеп этикетинин жана байланыш түзүү конструкциялары* мүнөздүү деп эсептешет. Диалогду кептик баарлашуунун классикалык формасы катары кароо менен М.М. Бахтин пикирлешүүнүн шартына ылайык, ал репликалардын байланышуусу түрдүү мүнөзгө жана формага ээ боло тургандыгын белгилеген: суроо – жооп, кубаттоо – каршы чыгуу, сунуш киргизүү – макулдашуу. Мындай байланыштар баарлашуунун сөздүк каражаттарынын ичиндеги тилдик бирдиктеринин ортосунда грамматиканын мыйзам ченемдерине баш ийбейт. Ошону менен бирге Д.Б. Эльконин көрсөткөндөй, "диалогдук кептин негизинде баланын эне тилинин грамматикалык түзүлүшүн активдүү өздөштүрүүсү жүрөт" [14].

Диалогду жана монологду салыштыруу менен изилдөөчүлөр кептин бул формаларынын мүнөздүү белгилерин жана өз ара айырмачылыктарын бөлүп көрсөтүшөт. Академик Л.В. Щерба монолог адабий тилдин негизин түзөт, анткени ар бир монолог адабий чыгарманын түйүлдүгү деп эсептеген. Ал эми диалог өз ара пикирлешкен эки индивиддин бири бирине ошол шарт менен же баарлашуунун мазмуну менен аныкталган жооп кайтаруусу деп караган. Монологду башкаларга атайын таасир берүү максатында ойдун сөз калыбына салынып уюштурулган тутуму катары белгилеген. Ошондуктан монологду түзүүгө үйрөтүү керек. Диалогдук кепте эки адам эркин формада баарлашса, монолог бир нече адамга багытталып, сүйлөөчү адабий тилдин чегинде болуусу талап кылынат, башкача

айтканда, монологдук кеп баарлашууга эмес, маалымат берүүгө багытталат.

Кыргыз адабий тилинин негизги эки формасы: оозеки жана жазуу формалары бар экендиги белгилүү. Тилдин баштапкы формасы катары оозеки кеп эсептелет. Л.С. Выготский кеп ишмердүүлүгүнүн башталышын *кызыктыруу жана суроо – талап түзө* тургандыгын белгилеп өткөн. Жазуу кебинин өзгөчөлүктөрү катары эркиндик, максаттуулук жана аң-сезимдүүлүк сапаттарын көрсөткөн. Жазуу кебинин калыптанышында да оозеки кептегидей эле ички кептин пайда болушу баштапкы жана чечүүчү мааниге ээ болот. Ички кеп өтө тыкан түзүлгөн, кыскартылган кеп, ал эми жазуу кеби максималдуу толугу менен берилген жана, оозеки кепке караганда, бүткөн формага ээ болгон кептин түрү болуп саналат. *Демек, кептин эки формасынын негизин ой жүгүртүүнү калыптандырган ички кеп түзүп турат.*

Баланы окутуу процессиндеги негизги маселе катары Л.С. Выготский «өнүгүүдөн озуп окутууну» караган. Бул баланын акыл-эс курагы жана актуалдуу өнүгүүсү менен болгон карым-катнашы теориясы менен байланышкан. Окутууда “жетилген гана эмес, өнүгүп келе жаткан функцияларды, баланын азыркы учурдагы актуалдуу деңгээлин гана эмес, *жакынкы аралыкта өнүгүүчү деңгээлин* эске алууну белгилеген” [7]. Ошондой эле Выготскийдин өнүгүүнүн белгилүү бир циклы аяктай электе окута баштоо менен окуу шартын түзүү, башкача айтканда, окутуунун сенситивдүү тилкеси тууралуу ойлору да чоң мааниге ээ болот.

Оозеки жана жазуу кебинин карым-катнаш маселесинде көпчүлүк окумуштуулар жазуу кебин тилдин жазма түрүн таанышып, айтылган оозеки кепти гана таанышат *(Л.Б. Блумфилд, Д. Лайонц).*

Н.И. Жинкин оозеки кептин төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөткөн: сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн белгилүү бир убакыттын аралыгында айтылышы; айтылган тыбыштан кийинки тыбыштардын айтылууга даяр болушу; аларды оозеки айтылууга көнүктүрүлүшү. Көпчүлүк изилдөөчүлөр оозеки кепти “сүйлөнүүчү” деген сөз менен аныкташат [15]. Мисалы, Н.Д. Андреев “оозеки кептин негизинен өзгөчөлөнгөн белгиси катары пайда болгон тексттердин түздөн-түз сүйлөө процессинде түзүлгөндүгүн көрсөтөт” [16]. Ошону менен бирге оозеки жана жазуу кебинин ортосунда бир топ жалпылыктар бар: бул эки форма тең пикир алышуунун куралы болуп саналат, бул жана тигил формага да белгилүү бир сөздүк кор болуусу зарыл, сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн байланышуу жолдору да бирдей.

Демек, оозеки кеп өз алдынча чоң мааниге ээ болуу менен бирге жазуу кебинин андан ары өнүгүүсү үчүн фундамент катары кызмат аткарат. Оозеки кептин негизинде гана эне тилинин лексикалык байлыгы өздөштүрүлүп, жазуу кебинин синтаксисинин баштапкы негизи түзүлөт. Мындай кептин максатына сүйлөөчүнүн интонациясы, бетинин жана колунун кыймыл-аракети да, баарлашуу багыты да кошумча кызмат аткара алат. Оозеки кеп конкретүүлүккө, бир багытка умтулса, жазуу кеби маалыматты алдын ала көп пландуу даярдап ишке ашырат. Изилдөөчүлөр оозеки кептин функционалдык багытын, жазуу кебинин тексттик вариантын ар тараптан мүнөздөп, талдап келишет.

Тексттин татаал табиятынын категориялык мүнөздөмөсүн жана маңызын ачуу максатында бир топ изилдөөлөрдү *окумуштуулар М.М. Бахтин, Б.В. Томашовский, А.А. Потебня, В.Я. Пропп, В.Я. Шкловский, И.Р. Гальперин, А.А. Леонтьев, Н.И. Жинкин ж. б* жүргүзүшкөн.

“Текст” термини латын тилинин “textus” сөзүнөн алынып, *биригүү жуурулушуу, материал* деген түшүнүктү билдирет. Лингвистикалык сөздүктөрдө мындайча аныктама берилет: “Текст – негизги белгилери байланыштуулук жана бүтүндүк болуп эсептелген белги бирдиктеринин маанилик жагынан байланышынын тутуму”. Бул түшүнүккө эң кыскача аныктаманы А.А. Леонтьев берген: *“Текст – бул функционалдык жактан аяктаган кептик бүтүндүк”* [17].

Тексттин психологиялык маселелерин Н.И Жинкин изилдеген. Ал тексттин ички түзүлүшү жөнүндөгү идеяны өнүктүрүп, текст адамдын ички ой жүгүртүүсүн толук бергендиктен, семантика маселесин текстти талдоо аркылуу гана ачып берүүгө болот деп эсептеген. Изилдөөчүлөрдүн бул түшүнүккө берген көптөгөн аныктамалары

И.Р. Гальпериндин эмгегинде изилдөөчүлөрдүн кеңири мүнөздөмөлөрү менен берилген: белгилүү шартта индивид аркылуу иш жүзүнө ашырылган кептик актылардын байланыштуу тизмеги *(Е. Косериу)*; эң жогорку деңгээлдеги мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашыруу *(Хеллидей);* сөздөргө бөлүнүп кеткен бүтүндүк *(А. Греймс ж. б.)*. Изилдөөчүнүн өзү тексттин онтологиялык жана функционалдык белгилерин бөлүп көрсөтүп, ага мындайча аныктама берген: ”Текст – бул кеп жаратуу процессинин чыгармасы жазуу түрүндөгү документ катары бүткөн мүнөзгө ээ болуп, документтин тибине ылайык адабий жактан иштелип чыккан, аталыштан жана башка өзгөчө бирдиктерден туруп, ар түрдүү лексикалык, грамматикалык, логикалык жана стилистикалык байланыштарды бириктирген чыгарма катары, белгилүү бир максаттуулукка жана реалдуулукка багытталат” [18].

“Текст” түшүнүгүнө кыргыз адабиятында мындайча кыскача мүнөздөмө берилген: “1. Оозеки айтылган сөздүн жазууга өтүшү, кагазга түшүрүлүшү. 2. Ойдун тилдик белгилерге өтүшү” [19]. Дегеле тексттин жалпы белгилерин лингвисттер төмөнкүдөй белгилер менен аныкташат: вербалдуулук, синтаксистик, семантикалык; тема, топтолуу (фокус), байланыш белгилери болот. И.Р. Гальперин бул параметрлерге тексттин эң негизги белгиси катары системалуулугун кошкон. Негизинен изилдөөчүлөр тексттин мазмунундагы информациялык мүнөздөмөгө токтолуу менен бирге, анын структуралык жактан жасалгасынын маанилүүлүгүн баса белгилешип, оозеки жана жазуу текстеринин башкы белгилери катары төмөнкүлөрдү көрсөтүшкөн:

1. Тексттин ажырымдуулугу жана бүтүндүгү. Чыгарманын планы боюнча тексттин жалпы композициясын бир нече бөлүктөргө ажыратууга болот жана бул бөлүктөрдү өз ара катышы аркылуу текстти бириктирген идеянын негизинде бир бүтүндүккө топтоштурууга болот. Мындай бүтүндүк сүйлөмдөрдүн маанилик жактан байланышын камсыздаган чынжырча байланышы жана анын негизги каражаттары болгон лексикалык кайталоо, ат атоочтук байланыш менен синонимдик алмаштыруу менен негизделет. Тексттин бекем конструкциясын түзгөн байланыштын дагы бир түрү удаалаш байланыш болуп эсептелет. Мындагы сүйлөмдөр маанилик жактан бири-бирин улабастан карама-каршы коюлуп же салыштырылып берилет.

2. Тексттин ички байланышын, башкача айтканда, сүйлөмдөрдүн жана анын бөлүктөрүнүн ортосундагы байланыш когезия менен мүнөздөлөт. Тексттеги когезиянын каражаттарын И.Р. Гальперин түрдүү белгилер аркылуу берген: традициялуу-грамматикалык (байламталар, ат атоочтор, чакчыл түрмөктөр), логикалык (мезгилдик жана мейкиндик билдирүүлөрүнүн параметрлери, атап берүүнүн формалары), окшоштуруу (ретроспекция, коннотация, субъективдүү-баалоо модалдары), образдуулук (метафоранын түрлөрү).

3. Тексттин маанилик жактан бүтүндүгүн бир нече категориялар аныктап турат. Автосемантия – тексттин мазмунуна карата анын бөлүктөрүнүн көз карандылыгын же өз алдынчалыгын көрсөтөт. Ретроспекция – тексттин элементтерине кайрылуу же кайталоону билдирсе, проспекция – кийинки боло турган информацияны алдын ала кабарлоо болуп саналат. Бул категориялардын бардыгы өз ара шартташып тыгыз байланышкан. Тексттин топтоштурулуп же интеграцияланып каралышы – анын бүтүндүгүн түзөт.

Тексттин байланыштуулугу жана бүтүндүгү менен катар кептин функционалдык-маанилик типтери да өзгөчө мааниге ээ болот. Мында айтылуучу ойдун конкреттүү шартка карата көз карандылыгы көрсөтүлөт: сүрөттөө *(көз ирмемге токтогон дүйнө)*, баяндоо *(окуялардын кыймылдагы жана убакыттагы динамикасы),* ой жүгүртүү *(себеп – натыйжалаш байланышты аныктоо).*

Кептин сүрөттөө тибине изилдөөчүлөр ар кандай аныктамаларды беришет. М.Н. Кожина төмөндөгүдөй аныктайт: “Сүрөттөө – бул кептин объектисине *(заттар, өзгөчөлүктөр, тутуму ж. б.)* көп жактуу жана системалуу мүнөздөп баяндоонун бир түрү. Сүрөттөө бардык илимдерде жана жанрларда кеңири көрсөтүлгөн” [20].

Кептин кийинки тибин – баяндоону аныктоодо көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн позициялары алда канча жакындашат. Алар баяндоо тибиндеги тексттер окуянын өнүгүү тартиби жөнүндө

маалымдап, сюжетти аягына чейин чечилишин көрсөтөт. Бирок көпчүлүк учурда баяндоо менен сүрөттөө тексттери тыгыз байланышып, тексттин аралаш тибин түзүп калышат.

Ой жүгүртүү – модалдык сөздөрдү, автордук баалоону, суроолорду жана себеп – байланыш түзүлүштү камтыган текст катары эсептешет. Кептин бул тибин аныктоодо да изилдөөчүлөр ар кандай аныктамалардын тобун сунушташат. Ошону менен бирге алар ой жүгүртүүнүн негизги бөлүктөрү катары сөзсүз *тезис, далилдөө,* жыйынтыкты көрсөтүшөт.

Айрым авторлор *кептин типтерине сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүүдөн сырткары далилдөөнү жана жалпылоону да киргизишет* (О.Д. Митрофанова, М.Н. Кожина). Бирок кептин мындай типтери окуучулардын байланыштуу кебинде таза, өз алдынча сейрек кездешет. Дегеле, тексттин кайсы тибинде болбосун кептин жогоруда аталган негизги типтери маанилик жана структуралык биримдикте келип, анын бөлүктөрү семантикалык жактан да, синтаксистик жактан да тыгыз байланышта келишет. Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап жалпысынан төмөнкүлөрдү белгилейбиз:

1. Баланын байланыштуу кебин өстүрүү маселеси ар түрдүү адистердин: психологдордун, лингвисттердин, психолингвисттердин көңүлүнүн борборунда болуп келген.

2. Ой жүгүртүү менен кепти тыгыз байланышта кароо жана «кепти өнүктүрүү» менен «тилди окутуу» түшүнүктөрүн ажыратуу баланын кептин жана тилдин кубулуштарын аңдап-түшүнүү зарылчылыгын негиздейт.

3. Кепти өнүктүрүү маселесин изилдеген психолингвисттердин эмгектериндеги ситуациялык жана контексттик кепти талдоо баланын тилдик жөндөмүнүн өнүгүшүнүн негизин семантикалык компонент түзө тургандыгын терең түшүнүүгө алып келет.

4. Баланын диалогдук жана монологдук кебинин социалдашуу түшүнүгү менен, оозеки жана жазуу кебинин өзгөчөлүктөрү баланын ички кебинин калыптануусу менен тыгыз байланышы мектепте атайын кептик тарбиялоонун зарылчылыгын ачып берет.

5. Кепти өнүктүрүү маселесиндеги эң негизги түшүнүктөрдүн бири катары кептин түзүлүш мыйзам ченемдүүлүктөрү тексттин категориялык мүнөздөмөлөрүн жана анын негизги маанисинин: сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү типтеринде байланыштыруу ыкмаларын карап чыгууда аныкталды.

Поступила: 11.03.24; рецензирована: 26.03.24; принята: 28.03.24.

***Адабияттар***


1. *Абдиева К.А.* Манас таануу (методикалык иш) / К.А. Абдиева. Бишкек: Принт-Экспресс, 2018. 180 с.
2. *Абдиева К.А.* «Манас» эпосунун негизинде окуучулардын оозеки кебин өстүрүү / К.А. Абдиева. Бишкек: Принт-Экспресс, 2018. 51 с.
3. *Эмилбекова А.К.* Плодотворные идеи Жусупа Баласагына в поэме «Благодатное знание» о происхождении и сущности сознания, о роли разума и знания в жизни людей / А.К. Эмилбекова // Вестник КРСУ. 2018. Т. 18. № 1. С. 154–158.
4. *Аристотель.* О стиле ораторской речи / Аристотель. М., 1963.
5. *Бахтин М.М.* Эстетика словесного творчества / М.М. Бахтин. М., 1986. 445 с.
6. *Щерба Л.В.* Языковая система и речевая деятельность / Л.В. Щерба. Л., 1974. 428 с.
7. *Выготский Л.С.* Мышление и речь: собр. соч: в 6 т. / Л.С. Выготский. М., 1982. Т. 2. 488 с.
8. *Запорожец А.В.* Изучение развития и поведения детей: сб. статей / А.В. Запорожец. М., 1966. 324 с.
9. *Сохин Ф.А.* Развитие речи у детей дошкольного возраста / Ф.А. Сохин. М., 1984. 233 с.
10. *Поддъяков Н.Н.* Особенности психического развития детей дошкольного развития / Н.Н. Поддъяков. М., 1996. 224 с.
11. *Эльконин Д.П.* Психология обучения младшего школьника / Д.П. Эльконин. М., 1974.
12. *Рубинштейн С.А.* О мышлении и путях его исследования / С.А. Рубинштейн. М.: Изд-во Академии наук, 1958.
13. *Леонтьев А.Н.* Основы речевой деятельности / А.Н. Леонтьев. М.: Педагогика, 1977.
14. *Эльконин Д.П.* Психологическое развитие в детских возрастах / Д.П. Эльконин. Воронеж, 1995. 319 с.
15. *Жинкин Н.И.* Психологические основы развития речи. В защиту живого слова / Н.И. Жинкин. М., 1964.
16. *Андреев Н.Д.* Навыки и подъязыки устной речи. Теория и практика лингвистического описания / Н.Д. Андреев. Горький, 1968.

17. *Леонтьев А.Н.* Основы речевой деятельности / А.Н. Леонтьев. М.: Педагогика, 1977.
18. *Гальперин И.Р.* Лингвистикалык изилдөөлөрдүн объектиси катары / И.Р. Гальперин. М.: КомКнига, 2007. 144 с.
19. Кыргыз адабияты. Терминдердин кыскача сөздүгү. Бишкек, 1994. 157 с.
20. *Кожина М.Н.* О специфике художественной и научной речи в аспекте функциональной стилистики / М.Н. Кожина. Пермь,1966.